Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын мамлекеттик жана укук институтунун, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин, Ош мамлекеттик университетинин алдындагы юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 12.24.695 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, юридика илимдеринин доктору, профессор Бейшенбиев Эсенгул Джумашевичтин изденүүчү Аликулов Бакыт Макешевичтин 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыз Республикасындагы чек ара коопсуздугун конституциялык-укутук жөнгө сулуу” аттуу темадагы диссертациялык ишине берген

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Аликулов Бакыт Макешевич тарабынан даярдалган “Кыргыз Республикасындагы чек ара коопсуздугун конституциялык-укутук жөнгө сулуу” деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Б.М. Аликуловдун “Кыргыз Республикасындагы чек ара коопсуздугун конституциялык-укутук жөнгө сулуу” аттуу темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин адистигине туура келет.

Аталган диссертацияда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндө келип чыгуучу коомдук мамилелер изилдөөгө алынып жана бул изилдөө 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистигинин паспортуна толук ылайык келет.

**2. Диссертациялык иштин максаты** болуп Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларынын коопсуздугун камсыз кылууну конституциялык-укуктун жактан жөнгө салуунун жолдорун изилдөөгө алуу саналат.

Коюлган максатка жетүү үчүн диссертацияда төмөндөгү милдеттер коюлуп, чечилген:

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы түшүнүгүнүн жана укуктук маңызын изилдөөгө алуу.
2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын эл аралык укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо.
3. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын укуктук режиминин өзгөчөлүктөрүно мүнөздөмө берүү.
4. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын тизиминин изилдөө жүргүзүү.
5. Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугунун маңызын жана маанисин талдоо жүргүзүү.
6. Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун укуктук механизмин ачып берүү;

7. чек ара коопсуздугун камсыз кылуучу мамлекеттик органдардын укуктук статусун жана уюштуруу түзүмүнө мүнөздөмө берүү;

8. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыз кылуунун укуктук механизмин өркүндөтүү жолдорун иштеп чыгуу.

Диссертациялык иштин материалдары изденүүчү изилдөөнүн жүрүшүндө аталган милдеттерди толугу менен ишке ашыруу аркылуу коюлган максатка жете алгандыгын айгинелеп турат.

**Диссертациялык изилдөөнүн объекти** болуп Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларынын коопсуздугун камсыз кылуудагы коомдук мамилелер жана бул маселедеги орчундуу көйгөйлөр, аны оң жагына чечүүдө жаралып жаткан тоскоолдуктар жана аларды четтетүүнүн жолдору саналат жана ал диссертациянын максатына толук ылайык келет.

**Диссертациялык изилдөөнүн предметин** Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мыйзамдар, ошондой эле каралып жаткан чөйрөдөгү мыйзамдарды мамлекеттик органдардын ишке ашыруу практикасын түзөт жана ал ар бир милдетти ишке ашыруу этабында туура колдонулуу менен изилденген.

**Диссертациялык изилдөөнүн ыкмалары.** Ккоомдук мамилелерди, алардын ичинде жалпы илимий, жалпы адамзаттык жана жалпы логикалык, жекече-илимий ыкмалары өз ичине камтыган коомдук кубулуштарга методологиялык жана теориялык жактан анализ жасай алган алдынкы жана заманбап ыкмалар колдонулган. Ошо менен бирге, конкреттүү-тарыхый, системалык-логикалык, салыштырма-укуктук, структуралык-аналитикалык методдорго өзгөчө басым жасалды. Теориялык корутундуларды жасоо жана практикалык сунуштарды келтирүү Конституцияга жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылууга байланышкан эл аралык жана республикалык укуктук актыларга талдоо жасоого негизделген. Колдонулган ыкмалар жана ыктоолор диссертациялык ишти даярдоодо коюлган милдеттерге ылайык келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын конституциялык-укуктук статусу татаал саясий жана экономикалык шарттарда калыптанган. Өлкөбүздүн жаңы мамлекеттик чек арасын түзүү боюнча иш-чаралар Кыргыз Республикасында мамлекеттик курулуштун маанилүү багыты болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын жаңы мамлекеттик чек арасын белгилөө жана аны ишенимдүү коргоо ыкчам жана аскердик мүнөздөгү саясий, экономикалык, уюштуруучулук, атайын иш-чаралардын комплексин ишке ашырууну болжолдойт.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын коргоонун жана сактоонун ченемдик укуктук базасы заманбап реалдуулукка жана улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун коомдук-саясий талаптарына шайкеш келбейт, илимий системалаштырууга, кырдаалдын өнүгүшүн жана Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуу системаларын куруунун келечегин эске алуу менен андан ары өркүндөтүүгө муктаж.

Учурдун талабы улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун теориялык жана методологиялык негиздерин, биринчи кезекте Кыргыз Республикасынын чек

ара коопсуздугун камсыз кылуу теориясынын концептуалдык аппаратын, өлкөнүн чек ара коопсуздугун камсыз кылуу боюнча саясаттын моделдерин жана принциптерин иштеп чыгуунун маанисин жогорулатат.

Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иш-чаралардын концептуалдык негизи бүтүндөй Кыргыз Республикасынын саясатынын курамдык бөлүгү катары мамлекеттик чек ара саясаты болуп саналат. Ал өлкөнүн чек ара коопсуздугун камсыздоо системасынын иштешинде, анын бүтүндүгүн чыңдоодо маанилүү интеграциялоочу фактор катары кызмат кылат.

Бул изилдөөнүн актуалдуулугу - мамлекеттик чек араны коргоонун укуктук механизмин андан ары реформалоо жаатындагы илимий изилдөөлөрдүн зарылдыгында, татаал экономикалык жана аскердик-саясий кырдаалда аны натыйжалуу коргоонун оптималдуу укуктук чечимдерин теориялык жактан иштеп чыгуунун маанилүүлүгүндө.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн темасы абдан актуалдуу жана өз убактысында каралган жана ал өз ишмердүүлүгүн укук таануу мейкиндигинде жүргүзгөн жактар үчүн абдан маанилүү жана керектүү материал деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалар.**

Иште юридика илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ болгон төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар берилген:

**3.1. Алынган натыйжалардын азыркы илим чегиндеги илимий жаңылыгы.**

**1-натыйжа.** Изилдөөнүн түшүнүктүк аппаратына кеңири талдоо жүргүзүлгөн жана Мамлекеттик чек ара институтунун ченемдик аныктамасы берилген. Натыйжа **жаңы.**

**2-натыйжа.** Учурдагы чек ара мамилелерин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларды системалаштыруу, каралып жаткан мамилелерди мыйзам алдындагы актылар менен жөнгө салууну алып салуу сунушталды. Натыйжа **жаңы.**

**3-натыйжа.** Изилдөөчү тарабынан Кыргыз Республикасынын Чек ара кодексин иштеп чыгуу жана кабыл алуу сунушталууда. Бул натыйжа **жаңы.**

**4-натыйжа.** Чек ара коопсуздугунун эффективдүү системасын камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугунун Концепциясын иштеп чыгуу сунушталган. Бул натыйжа **жаңы**.

**5-натыйжа.** Чек ара коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мыйзамдардын талдоосун негизинде, чек ара коопсуздугун камсыз кылуу механизмдери аныкталган. **Натыйжа илимий жаңылык мүнөзгө ээ.**

**6-натыйжа.** Автор тарыбанан чек ара кызматынын уюштуруу-укуктук мүнөздөгү көйгөйлөр аныкталып, анын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу жолдору сунушталган. Натыйжа **жарым-жартылай жаңы**.

**7-натыйжа.** Изденүүчү мамлекеттик чек арасын коргоо механизмин укуктук жөнгө салууда укуктук жана уюштуруучулук мүнөздөгү көйгөйлөр аныкталып, аларды чечүү боюнча сунуштар иштелип чыкты. Бул натыйжа да **жаңы**.

**3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө.**

**1-натыйжа.** Изилдөөнүн түшүнүктүк аппаратына кеңири талдоо жүргүзүлгөн жана Мамлекеттик чек ара институтунун ченемдик аныктамасы берилген. Натыйжа ишенимдүү деңгээлде иштелип чыгылган. Анын жаңылык жана ишенимдүүлүк деңгээли бул институтка ченемдик аныктама буга чейинки аныктоолорду жалпылоонун негизинде жаңы автордук аныктама берилгендиги жана мурдагы аныктамаларды бир далай деңгээлде толуктай тургандыгы менен белгиленет.

**2-натыйжа.** Чек ара мамилелерин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларды системалаштыруу сунушун натыйжасы **ишенимдүү деңгээлде түптөлгөн.** Анын ишенимдүүлүк даражасы мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыз кылуу маселелери 15тен ашык ченемдик укуктук актылар жана ведомстволук актылар менен жөнгө салынгандыны менен шартталган.

**3-натыйжа.** Мамлекеттик чек ара чөйрөсүндөгү укуктук мамилелерди жөнгө салуу үчүн Чек ара кодексин иштеп чыгуу жана кабыл алуу. Бул натыйжа **да ишенимдүү даражада** иштелип чыгылган. Буга чейин чек ара коопсуздугу изилденгенине карабастан, анын ченемдик булактарын кодификация маселеси автор тарабынан жүргүзүлгөн деңгээлдегидей каралган эмес.

**4-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугунун Концепциясын иштеп чыгуу сунушталган. **Натыйжа ишенимдүү деңгээлде**, анткени буга чейин иштеп чыгылган мамлекеттик денгелде тузулгон улуттук коопсуздук концепцияларында чек ара коопсуздугу мынчалык деңгээлде так аныкталган эмес.

**5-натыйжа.** Автор тарыбанан чек ара коопсуздугун камсыз кылуу механизмдери аныкталган. **Натыйжа ишенимдүү.** Сунушталган бул натыйжа чек ара коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мыйзамдарына, ошондой эле аны колдонуу практикасына талдоо жүргүзүүнүн негизинде алынган.

**6-натыйжа.** Изилдөөдө чек ара кызматынын уюштуруу-укуктук мүнөздөгү көйгөйлөр аныкталып, анын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу жолдору сунушталган. Бул натыйжа да **ишенимдүү даражада** түптөлгөн, анткени ал чек ара кызматынын калыптануу жана өнүктүрүү этаптарын изилдөөсүн жыйынтыгында келип чыккан.

**7-натыйжа.** Изденүүчү мамлекеттик чек арасын коргоо механизмин укуктук жөнгө салууда укуктук жана уюштуруучулук мүнөздөгү көйгөйлөрдү аныктап, аларды чечүү боюнча сунуштарды иштеп чыкты. **Натыйжа ишенимдүү**, анткени ал чек ара коопсуздугун камсыздоо механизмин изилдоосун негизинде аргументацияланган.

**3.3. Иштин теориялык мааниси.** Диссертациялык иштин материалдары буга чейинки чек ара мейкиндигин конституциялык-укуктук жөнгө салууну андан ары өркүндөтүү боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн теориялык жана усулдук жоболорун, ушул жаатта иштелип чыгылган илимий концепцияларды ишенимдүү түрдө толуктайт жана байыта алат.

**3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши.**

Диссертация ички биримдикке ээ жана белгиленген көйгөй боюнча бир катар илимий жыйынтыктарды жана жоболорду камтып, автордун юридика

илимине кошкон жеке салымынын маанилуулугун тастыктайт. Автордун сунуштары жана тыянактары изилденген чек ара коопсуздугу тармагынын актуалдуу илимий-теоретикалык көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган. Изилдөө өз алдынча бирдиктүү мүнөзгө ээ, бардык суроолор логикалык ылайыктуулукта түзүлгөн, коюлган максат менен өз ара ички байланышка ээ.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү** укук таануу мейкиндигинде мамлекеттик чек ара боюнча ченемдик укуктук актыларды системалаштырууда; мамлекеттик чек арада мамлекеттин кызыкчылыктарын коргоо жаатындагы мамлекеттик органдардын ишин оптималдаштыруу маселеси боюнча конкреттүү практикалык сунуштарынын иштелип чыккандыгында турат. Диссертациянын теоретикалык жоболорун, негизги тыянактарын жана сунуштарын мамлекеттик саясатты түзүүдө, укук таануу институттарынын ишмердүүлүгүнүн тактикасын жана саясатын иштеп чыгууда колдонууга болот.

Диссертациянын материалдары учурда Ош мамлекеттик университетинде конституциялык укук сабагын окутууда кеңири колдонууга ээ болду.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна. анда коюлган максаттарга жана изилдөөнүн милдеттерине толугу менен дал келет. Автореферат диссертация сыяктуу эле кыргыз тилинде даярдалып, бирдей мазмундагы кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеге ээ.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

Диссертациялык иште жетишилген ийгиликтер менен биргеликте мүчүлүштүктөр да жок эмес. Эксперттик текшерүүнүн натыйжасында төмөнкүдөй мүчүлүштөрдү белгилөөгө болот.

1. Диссертацияда азыркы этаптагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын укуктук жөнгө салуунун эл аралык аспектисин толугураак чагылдыруу диссертациянын баалуулугун өстүрмөк.
2. Изилдөөдө Кыргыз Республикасындагы чек ара коопсуздугун чыңдоо боюнча өкмөттүн ишинин артыкчылыктуу багыттарына басым жасалган эмес.
3. Диссертациялык иштин кээ бир бөлүктөрүндө стилистикалык жана орфографиялык каталар орун алган.

Бирок, көрсөтүлгөн бул мүчүлүштүктөр сунуштама мүнөздө болуу менен диссертациялык иштин баалуулугун эч бир төмөндөтпөйт.

**7. Сунуштар:**

1. Диссертациялык ишти жана авторефераттарды талапка ылайык тариздөөнү жүргүзүү.
2. Мүмкүн болушунча көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөрдү жоюу боюнча диссертациялык ишке түзөтүүлөрдү (толуктолорду) киргизүү.

**8. Сунуштамалар:**

1. Диссертацияда Кыргыз Республикасындагы чек ара коопсуздугун чыңдоо боюнча өкмөттүн ишинин артыкчылыктуу багыттарына басым жасап, кеңирирээк кароо диссертациянын мазмунун толуктоого жана анын баалуулугун көтөрүүгө мүмкүндүк берет.

**9. Корутунду:**

Аликулов Бакыт Макешевичтин "Кыргыз Республикасындагы чек ара коопсуздугун конституциялык-укутук жөнгө салуу" аттуу темадагы диссертациялык иши жана алынган натыйжалар бири-бири менен өз ара ички байланышка ээ жана бул чөйрөдөгү теориялык изилдөөлөрдү объективдүү талдоонун негизинде келип чыккан. Диссертациялык иштин натыйжаларынын ички биримдиги иштин максатын аныктоо жана коюлган маселелер менен бышыкталган.

Диссертациялык иш анда иштеп чыгылган теориялык тыянактардын логикалык удаалаштыгы жана негиздүүлүгү менен мүнөздөлүп, колдонмо мүнөзгө жана мазмунунун өз ара байланышкан композициясына ээ, булардын баары автордун жеке салымын күбөлөндүрөт. Изилденген чөйрөдөгү аныкталган көйгөйлөрдү укуктук мейкиндикте чечүүнүн сунушталган жаңы ыктоолору жетиштүү деңгээлде аргументтелген жана буга чейинки белгилүү болгон чечимдерге салыштырмалуу сын көз-караште бааланган.

Диссертация аталган көйгөй боюнча ички биримдикке ээ болгон бир катар жаңы илимий натыйжаларды жана жоболорду, көйгөйлөрдү чечүү боюнча практикалык сунуштамаларды камтыйт, булар да автордун юридика илимине кошкон жеке салымын тастыктайт.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти** сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын мамлекеттик жана укук институтунун, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин, Ош мамлекеттик университетинин алдындагы Д 12.24.695 диссертациялык кеңешине 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Аликулов Бакыт Макешевичтин "Кыргыз Республикасындагы чек ара коопсуздугун конституциялык-укутук жөнгө салуу" аттуу темадагы диссертациялык ишин жалпы эл алдында коргоого кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиясынын төрагасы,**
юридика илимдерин доктору, профессор — Э.Дж. Бейшембиев

"___"_________2024-жыл

**Эксперттик комиссиясынын төрагасынын колун тастыктаймын:**
Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
юридика илимдеринин доктору — К. С. Жылкычиева